# Биология

## PISAга багытталган тест

## 6 - класс

| **Тапшырма 1/1**<br><br>**Оң тараптагы текстти окуп чыгып, суроого жооп жазгыла.**<br>**1-суроо:** Эмне себептен чоң ата аарыларды көргөндө сүйүнүп, “түшүм жакшы болот”, деди?<br>***Өз жоопторуңарды аргументтүү жазгыла:***<br>________________________________________<br>________________________________________<br>________________________________________ | **Уруктун жана мөмөнүн пайда болушу**<br><br>Акмат жазгы каникул маалында айылдагы чоң атасыныкына келди. Анын чоң бакчасы бар эле. Бакчада баардыгы гүлдөптүр, гүлдөн-гүлгө конуп, учуп жүргөн аарылардын тынымсыз, ызылдаган үндөрү угулат. Акматтын чоң атасы аарыларды карап, сүйүнүп, “буюрса күздө түшүм жакшы болот”- деди.<br> |
|---|---|

**Тапшырма ½**

***Оң тараптагы текстти окуп чыккыла жана суроого жооп бергиле***.

*Таблицадагы сол жакта берилген ар бир элементке оң жактагы элементтердин ичинен дал келгенин табыңыз. Бир тамганын тушуна эки сан жазылат.*

**2-суроо:** Акмат курт-кумурскалар жана шамал аркылуу чаңдашуучу өсүмдүктөрдү кайсы белгилерине карап аныктады?

***Жоопторуңарды таблицага жазгыла:***

| | Чаңдашуу жолу | | Белгилери |
|---|---|---|---|
| А | Курт-кумурскалар менен чаңдашуучу өсүмдүктөр | 1 | гүлү ачык түстө, жыттуу, нектарлуу |
| | | 2 | чаңчасы майда, жеңил, кургак, көп санда |
| Б | Шамал аркылуу чаңдашуучу өсүмдүктөр | 3 | гүлдөрү майда, көрксүз, бир узун топ гүлгө бириккен |
| | | 4 | чаңчасы ири, жабышчаак, бодурлуу |

Жооп:

| | | |
|---|---|---|
| **А** | | |
| **Б** | | |

**Уруктун жана мөмөнүн пайда болушу**

Акмат өсүмдүктөр курт-кумурскалар менен гана чаңдашпастан, шамал аркылуу дагы чаңдашарын эстеди. Өсүмдүктөрдө шамал же курт-кумурскалар аркылуу чаңдашууну камсыз кылуу үчүн алардын гүлдөрү өзгөчө ыңгайланышкан болот. Акмат мектепте окугандарын эске алып, бакчадагы кайсы дарак курт-кумурскалар, кайсынысы шамал аркылуу чандашарын аныктоону чечти.





<table>
<tr><td>Тапшырма 1/3<br><br>Оң тараптагы текстти окуп чыккыла жана суроого жооп бергиле.<br>3-суроо: Эмне себептен беде урук жана мөмө берген жок? Беденин көбөйүшүнө мүмкүнчүлүк болбогондугунун себептерин атагыла:<br>Жоопторду жазгыла:<br>___________________________________________<br>___________________________________________</td><td>Уруктун жана мөмөнүн пайда болушу<br><br>Акмат «Кызыктуу ботаника» деген китептен төмөндөгүдөй тарыхий факт окуду:<br>Жаңы Зеландия жана Австралия ачылгандан көп өтпөй, ал жерге биринчилерден болуп Европадан отурукташууга келишкен. Алар бул аймакта мурун өспөгөн бедени айдап көрүштү. Беде мындай түшүмдүү жерде мыкты өстү, бирок, урук бербегендиктен көбөйгөн жок. Ошондуктан бедени жаңы айдаарда улам Европадан урук алып келип турушкан.</td></tr>
</table>

<table>
<tr><td>Тапшырма ¼<br><br>Оң тараптагы текстти окуп чыккыла жана суроого жооп бергиле.<br>4-суроо: Эмне себептен кошунасы бакчага таттуу шире чачып чыкты?<br>Бир гана туура жоопту тандагыла.<br>А) аары жана шимикчилерди чакыруу үчүн<br>Б) мөмөнүн даамын жакшыртуу үчүн<br>В) бүчүрлөрдүн ачылышын ылдамдатуу үчүн<br>Г) гүлдөө процессин ылдамдатуу үчүн</td><td>Уруктун жана мөмөнүн пайда болушу<br><br>Акмат чоң атасы менен анын кошунасынын минтип сүйлөшүп жаткандарын угуп калды: «Кандай дейсиз? Жыл сайын аары азайгандан азайып, жаздын аба-ырайы дагы мөмө байлоого ыңгайсыз болуп келе жатат.Ошондуктан мен бул жылы бакчага таттуу шире (1 л сууга 1 ч. к. кант) же бал кошулган сууну (бир чака сууга 2 ч.к. бал) чачып чыгам».</td></tr>
</table>

**Тапшырма 1/5**

***Оң тараптагы текстти окуп чыгып, таблицаны талдагыла жана суроого жооп бергиле.***

**5-суроо:** Акмат таблицадагы маалыматтарды талдап чыгып, абанын температурасы менен мөмөнүн пайда болушунун байланышы тууралуу кандай жыйынтыкка келиши мүмкүн?

***Өз жоопторуңарды аргументтүү жазгыла:***

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

______________________________________________________________

**Уруктун жана мөмөнүн пайда болушу**

Акмат кошунасынын аба-ырайы тууралуу: «…жаздын аба-ырайы дагы мөмө байлоого ыңгайсыз болуп келе жатат» -деген сөзүн эстеди. Ал “Бул жерде аба-ырайынын эмне тиешеси бар?-жаз келди, аба-ырайы дайыма жакшы” -деп ойлонду. Бирок, ал бул нерсеге дагы да кызыгып жатып, төмөндөгү таблицаны таап алды.

***Бал аарыларынын гүлдөргө конуу таблицасы, даана/м $^2$***

| Абанын температурасы, $^0C$ | Алма | Алча | Кара өрүк |
|---|---|---|---|
| 17 | 21 | 20 | 20 |
| 21 | 22 | 24 | 29 |
| 23 | 35 | 35 | 35 |
| 25 | 35 | 37 | 35 |
| 27 | 39 | 35 | 37 |
| 29 | 39 | 36 | 39 |
| 31 | 32 | 31 | 30 |
| 35 | 23 | 23 | 21 |
| 38 | 17 | 15 | 16 |

Акмат таблицаны талдап чыгып, ал жазгы аба-ырайы менен мөмө байлоонун кандай байланышы бар экендигин түшүндү.